

"Климаттын өзгөрүшү" темасы боюнча

# ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ВИКТОРИНА

Полноправные люди.
Устойчивые страны.

# Викторинанын эрежеси

Климаттык викторина – бул оюн, анын негизин “Климаттын өзгөрүүсү” темасы боюнча түзүлгөн ой жүгүртүүнү талап кылган карточкалар түзөт. Викторинанын суроолору “Климаттык кутуча” окуу куралын толуктап турат, алар материалды жакшы өздөштүрүүгө жана бышыктоого жардам берет.

Комплектке суроолору менен 100 карточка кирет. Ар бир суроого ойлонтууга мажбур кылган 4 жооп берилген, анын ичинен бирөө гана туура. Викторинанын катышуучулары ар бир туура жоопко бир упай алышат. Ким көп упай топтосо, ошол жеңүүчү болуп эсептелет.

Климаттык викторинанын бардык суроолору “Климаттык кутуча” окуу куралынын бардык үч бөлүмү боюнча түзүлүп, үч топтомдон турат:

1. Климаттын өзгөрүшү маселелери.
2. Климаттын өзгөрүшү жаратылышка жана адамдарга кандай таасир этет. Аргасыз – болбой койбос кесепеттерге ыңгайланышуу мүмкүнбү?
3. Климаттын коркунучтуу өзгөрүүлөрүн кантип алдын алууга болот?

Туура жооптордун тизмеси викторинанын жетектөөчүсүнө жардам катары өзүнчө “Жооптор” деген карточкада берилген.